# Зомбулуктан жабыркагандарга комплекстүү жардам көрсөтүүдө субъекттердин координациясы: тосколдуктар жана натыйжалуу практикалар

Баяндамачылар:

1. Онкошова Г.К. (ККБ “Гармония”, КБ “Ак Журок”,  ш. Ош)

2. Садыгалиева Ч. (КБ "Бактылуу эне",  ш.Балыкчы)

Дата: 07.11.2025



Made with GAMMA

# Докладдын максаты

Мекемелер аралык координациядагы тоскоолдуктарды талдоо жана зомбулуктан жабыркагандарга комплекстүү жардам көрсөтүү системасын жакшыртуу боюнча реалдуу сунуштарды берүү.



Made with GAMMA

# Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

## 15-49 жаштагы 4 аялдын бири жубайынан/жарынан зордук-зомбулукка кабылган:

25,1% - Физикалык зомбулук

14,1% - Психологиялык зомбулук

4% - Сексуалдык зомбулук  (17,1% мурунку 12 ай ичи)



Made with GAMMA

# үй-бүлөлүк зомбулуктун БААСЫ (2022-2023)

**76**

аял үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан өлтүрүлгөн, же өлкөдө ар бир бешинчи киши

**102**

үй-бүлөлүк сексуалдык зордуктоо же өлкөдө ар бир төртүнчүсү

**2124**

ооруканада дарыланышкан

**2839**

соттук-медициналык экспертизадан өткөн

Made with GAMMA

# I. Эмне үчүн комплекстүү жана координацияланган ыкма маанилүү?

1 **Узак мөөнөттүү реабилитация**

Жабыркагандарга шашылыш жардам гана эмес, узак мөөнөттүү калыбына келүү жана адаптация да керек.

2 **Кечигүү жана ишенимдин жоголушу**

Байланышпаган иш-аракеттер ("ар ким өз алдынча") → жардамдын кечигиши, экинчи жолу жабыркоо (виктимизация), ишенимдин жоголушу.

3 **Үзгүлтүксүз жардам**

Кризистик борборлор, милиция, дарыгерлер, социалдык кызматтар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, пробация кызматы, соттор жана бейөкмөт уюмдар өз ара макулдашылган түрдө иш алып барганда, жабырлануучу кайра-кайра кайрылбай үзгүлтүксүз жардам ала алат.

**Негизги ой: Координация — бул бюрократия эмес, адамдын өмүрүн сактап калуу куралы.**

Made with GAMMA

# II. Мекемелер аралык координациядагы негизги тосколдуктар

| | |
|---|---|
| Кадрдык жана ресурстук | Адистер жетишсиз, купуялуулуктун жоктугу, айрым кызматкерлердин кесипкөй эмес жүрүм-туруму, баш калкалоочу жайлар жана транспорт тартыш |
| Юридикалык | Нормалардын түшүндүрмөсү ар башка, укуктук практика бирдей эмес |
| Коммуникациялык | Институттар бири-биринин функциясын билишпейт, кайтарым байланыш жок |
| Социалдык | Курмандыктардын коркуусу жана коомдук стигма жардам суроого тоскоол болот |
| Институционалдык | Маалымат алмашуунун бирдиктүү системасы жок, ар башка протоколдор, формалдуу жолугушуулар |

**Жыйынтык: Координациянын жоктугу — убакыттын текке кетиши, жоопкерчиликтин төмөндөшүнө жана зомбулуктун кайталоо коркунучу.**

Made with GAMMA

# III. Координациянын алсыздыгынын кесепеттери

### Жардамдын кечигиши

Жардам көрсөтүүнүн кечигиши, далилдердин жоголушу

### Ишенимдин жоголушу


Кайталап зомбулукка кабылуу жана системага ишенимдин жоголушу

### Ресурстардын текке кетиши

Айрым кызматтардын ашыкча жүктөлүшү, функциялардын кайталанышы → ресурстардын текке кетиши

### Экономика жана социалдык натыйжалар

Милициянын иши, анын ичинде кылмыш ишин козгоо, зордуктаган адамды убактылуу кармоочу жайда кармоо, соттук териштирүүгө кеткен чыгымдар, соттук коргоо, күбөлөрдү коргоо, медициналык чыгымдар (стационардык жана амбулатордук дарылоо, тез жардам)



Made with GAMMA



# IV. Эл аралык эффективдүү практикалар

- Жалпы СОП/СИП (стандарттуу иштөө процедуралары) — жооп кайтаруу жана маалымат алмашуу боюнча
- Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн картасы — кимге жана кайда жөнөтүү керектигин аныктоо
- Мекемелер аралык үзгүлтүксүз тренингдер жана кейс-ревьюлар
- ИИМ, медициналык жана кризистик борборлор ортосунда электрондук билдирүү формалары
- Ар бир иш боюнча мониторинг жана кайтарым байланыш системасы

Made with GAMMA



# V. Кыргызстандагы эффективдүү практикалар

### I. Балыкчы шаарынын мэриясы менен «Эне» фондунун өнөктөштүгү:

- Зордук-зомбулукка кабылган аялдар үчүн баш калкалоочу жай;
- Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү комитет менен тыгыз байланышта;
- Жабырлануучуларга жардам берүү үчүн бизнес коомчулугун тартуу.

### II. Бишкек шаарынын мэриясынын мобилдик топтору. COVID-19 учурунда ар тараптуу жардам:

- Биргелешкен командалардын баруусу (милиция кызматкери, социалдык кызматкер, психолог);
- Өзгөчө кырдаалдарда баш калкалоочу жайларды уюштуруу;
- Онлайн психологиялык колдоо;
- Адвокаттын коштоосу.

Made with GAMMA



# VI. Сунуштар

## Оперативдүү деңгээл (“тез жеңиштер”)

- Жалпы өз ара аракеттенүү протоколун бекитүү;
- Субъекттердин өз ара аракеттенүү тартиби болушу керек: ИИМ, медицина, социалдык органдар, адвакатура, кризистик борборлор ж.б. ортосунда электрондук билдирүү системасын киргизуу (жабырлануучунун макулдугу менен)
- Бардык субъекттерди мыйзамда каралган жардам көрсөтүүгө гана эмес, жолдомо жана  өз ара аракеттенүү системасына окутуу;
- Райондук кызмат карталарын жана байланыш тизмелерин түзүү.

## Стратегиялык деңгээл

- Координация жана гендердик маселелерди кызматтык милдеттерге киргизүү;
- Мониторинг жана кейс-ревью механизмин түзүү;
- Адистештирилген мамлекеттик жана муниципалдык борборлорду түзүү;
- Нормативдик актыларды жарандык сектор менен биргелешип иштеп чыгуу.

Made with GAMMA




# VII. Мыйзамдарга ылайык координация

### Улуттук деңгээл

**Функциялар:** Саясат, мониторинг

**Инструменттер:** Мамлекеттик органдардын деңгээлинде координациялоо

### Облустук деңгээл

**Функциялар:** Пландоо, ресурстар

**Инструменттер:** Аймактык деңгээлде координациялоо ("Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө" мыйзамга ылайык)

### Жергиликтүү деңгээл

**Функциялар:** Оперативдүү чаралар

**Инструменттер:** Жергиликтүү комитеттер жана «бирдиктүү терезе» аркылуу жардам көрсөтүү

Made with GAMMA

# VIII. **Практикадан кейстер**

| Шаар / Облус | Маселе | Жыйынтык |
| --- | --- | --- |
| Бишкек, 2021 | Аял милицияга кайрылган, бирок ИИБ социалдык кызматты кабардар кылган эмес. Натыйжада аял туракcыз калып, агрессорго кайра кайтып барган. Бир жума ичинде кайра ооруканага түшкөн. | Жалпы протокол жок |
| Ош облусу, 2022 | Кризистик борбор аялга жардам берген, бирок транспорт жок болгондуктан эвакуацияны уюштура алган эмес. Волонтер табууга аракет кылынган. | Коопсуз транспорт талап кылынат |
| Чүй облусу, 2020 | Дарыгерлер көгөрүү белгилерин байкаган, бирок “арыз жок” деп милицияга билдиришкен эмес. Кийин бул кайталанган зомбулук экени аныкталган. | Медиктер үчүн так көрсөтмөлөр зарыл |
| Бишкек, 2023 | Кризистик борбор, социалдык кызмат жана милициянын ыкчам иши менен аял 3 саат ичинде жардам алган, убактылуу турак жана консультация берилген. | Натыйжалуу байланыш болгон үчүн ийгиликке жетишкен |

Made with GAMMA



# Жыйынтык жана чакырык

Координация — бул кошумча жүк эмес, адамдын өмүрүн сактап калуунун жолу.

Кичинеден баштайлы: бирдиктүү СИП, негизги адистерди окутуу жана санариптик инструменттерди пилоттук колдонуу.

Made with GAMMA